И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык **кеңештин эксперти,** педагогика илимдеринин кандидаты, **профессор К.Ч. Джанузаковдун** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимий адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Амираева Лайликан Авазовнанын "Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары"** деген темадагы диссертациясына

# Корутундусу

**Эксперт,** изденүүчү **Амираева Лайликан Авазовнанын "Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары"** - деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Амираева Лайликан Авазовна** тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Диссертациялык иште **13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы** адистигинин паспортунун 6 жана 7 пунктарынын, талаптарынын мазмунуна толугу менен жооп берүүчү жасалга-колдонмо искусствосунун предметтеринин тарыхый өнүгүү процесстери, билим берүүдөгү жасалга-колдонмо искусство предметтеринин мазмуну, орду, структуралык өзгөчөлүктөрү изилденип, алар аркылуу атайын окуу жайлардын студентеринин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери жана жолдору иликтенип, окутуп-үйрөтүүнүн теориялык модели менен педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга жана аларды окуу-тарбия процессинде колдонуунун практикалык сунуштарын аныктоого байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты.**

Диссертациялык иштин максаты катары изденүүчү: жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, алардын эффектүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү – деп белгилеген.

Белгиленген максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй **изилдөө милдеттери коюлган:**

1. Жасалга-колдонмо искусствонун тарыхый өнүгүшүн жана жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун, психология-педагогикалык аспектилерин теориялык талдоо;
2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, моделин түзүү;
3. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин изилдөө **обьектиси** катары – И. Арабаев атындагы КМУнун искусство жана дизайн факультетинин көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасындагы студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү процесси, ал эми изилдөөнүн **предмети катары** – жасалга-колдонмо предметинде студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психология-педагогикалык шарттарын аныктоо - деп белгиленген.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык иштин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн жалпы педагогика илиминин теориясы менен методикасынын негизги изилдөө методдору болгон-теориялык-методологиялык изилдөөлөрдү талдоо, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү, педагогикалык байкоо, анализ, синтез, педагогикалык эксперимент усулдары кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө методдорун колдонуу менен диссертант, жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү, предметтердин түрлөрү, өзгөчөлүктөрү, улуттук баалуулуктарынын илимий-теориялык негиздери изилденип, өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып жана студенттерге билим берүүдө жасалга-колдонмо искусствосунун предметтери аркылуу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун жаңы жолдору, теориялык модели жана практикалык кеңештери изилденип жыйынтыкталган.

**3. Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште жалпы педагогика илиминин теориясы менен методикасын жана практикасын жаңылоого, толуктоого багытталган жоболор алынып, искусство жана дизайн факультеттеринин көркөм сүрөт жана дизайн кафедраларында билим алып жаткан студенттердин жасалма-колдонмо искусство предметтерин окуп жаткан учурда алардын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууга байланыштуу билим, билгичтиктер жана көндүмдөрдү тереңдентүүнүн жаңы жолдору, педагогикалык шарттары жана педагогикалык-психологиялык модели иштелип чыгып, алар эксперименталдык негизде текшерилип, калыптандыруунун жаңы теориялык жана практикалык жолдору жана методикасы, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруунун практикалык сунуштары иштелип чыгып, төмөндөгүдөй болуп белгиленген:

3.1. Жасалма-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү илимий-теориялык жактан талданып, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну, педагогикалык шарттары жана педагогикалык-психологиялык аспектилери теориялык талдоодон өткөрүлүп аныкталган;

3.2. Жасалма-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууда элдик жасалма-колдонмо баалуулуктарынын түрлөрүн колдонуу, алардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууга, аракеттенүүсүн мотивациялоого жана ал баалуулуктарды сактап, өнүктүрүп, муундан-муунга өткөрүп берүүгө өбөлгө жана шарт түзөрү негизделген жана калыптандыруунун теориялык модели иштелип чыккан;

3.3. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин активдүүлүгүн өнүктүрүүдө атайын аныкталган педагогикалык шарттарды, теориялык моделди жана тапшырмалар системасын, типтүү программаны, ОМКны колдонуу, студенттердин рухий, адеп-ахлактык өсүүлөрүнө, билим-билгичтиктерине, дүйнө таанымына, атуулдук сапаттарына, эли-жерин сүйүүгө, элдик каада-салттарды таанып билүүгө шарт түзөт жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жол ачып, көркөм эстетикалык табитин өстүрүп активдүүлүгүн калыптандырат.

Алынган илимий натыйжалардын жана жоболордун илимий-педагогикалык жана илимий-усулдук жаңылыгы, баалуулугу, ошондой эле практикалык маанилүүлүгү жогору деп белгилесе болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иште алынган жоболордун жана натыйжалардын илимий-практикалык маанилүүлүгү – бул көркөм-сүрөт жана дизайн багытында билим алып жаткан студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтеринин мүмкүнчүлүктөрүн, атайын программалардын жана тапшырмалар системасынын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүү, калыптандыруунун мазмунун, өнүгүүнүн компоненттеринин көрсөткүчтөрүн, теориялык моделинин, педагогикалык шарттардын окутуу сабактарында колдонуунун тажрыйбалык жолдорунун иштеп чыгуусунда жана практикалык сунуштарынын даярдалышында.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжаларды жана практикалык сунуштарды жогорку окуу жайлардын искусство жана дизайн факультеттеринин студенттеринин атайын сабактарында, ошондой эле көркөм өнөр жана эстетикалык билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүдө, маданий-агартуучулук иш тажрыйбасын, кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарында, семинарларында кеңири колдонсо болот.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Амираева Лайликан Авазовнанын диссертациялык ишинин жана авторефератынын жазылышы, изилдөө материалдарынын логикалык ырааттуулукта кыскартылып, түшүнүктүү берилиши жана жыйынтыктоочу ой-пикирлери, материалдардын талдоолонушу, практикалык сунуштары диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет. Бирок, автореферattын кол жазмасында орфографиялык мүчүлүштүктөргө жол берилип калган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык иште төмөндөгүдөй кемчиликтерге жана мүчүлүштүктөргө орун берилип калган:

**1.** Диссертациялык иштин 1-главасынын 1.1. бөлүмчөсүндө жасалга-колдонмо искусство предметтеринин типологиялык түрлөрүнүн структуралык, функционалдык жана өндүрүштүк бөлүнүшүнүн классификациясынын критерийлерине, өзгөчөлүктөрүнө теориялык-методологиялык жактан талдоого басымдуу көңүл бурулбай калган.

**2.** Диссертациялык иштин 1-бапынын 1.2. бөлүмчөсүндө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык

активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн структурасын ачыктоодо шыктандыруучулук, когнитивдик, рефлексивдик, креативдик, интеллектуалдык-эмоционалдык жана эрктик компоненттер системасынын мазмунуна теориялык талдоолор жеткиликтүү жүргүзүлбөй калган.

**3.** Диссертациянын 2-главасынын мазмунун ачууда КР Президентинин алдындагы УАКтын президиумунун 2018-ж., 28.06. №112 токтому менен бекитилген **"Диссертация жана авторефератты жасалгалоо нускамасынын"** талаптары толук аткарылбай, 3-чү главада ачыкталуучу материалдар бул главага кирип калган жана изилдөө методдорунун эмне себептен жана эмне үчүн колдонулганы боюнча ачыктоолор толук жана мазмундуу болбой, үстүртөн берилген.

**4.** Диссертациянын главаларынын тыянактары жана илимий эмгектин жалпы корутундусу изилдөөнүн милдеттерине жана максатына жараша так жооп берген, жыйынтыктардын мазмунун илимий негизде жеткиликтүү жана негиздүү ачкан редакцияда берилбей калган.

5. Диссертациянын кол жазмасында жана авторефераттын текстинде айрым орфографиялык жана стилистикалык каталарга, бир канча ойду камтыган татаал сүйлөмдөрдү түзүүгө жол берилип калган ( 10-б.; 16-б; 68-б.; 69-б.; ж.б.)

**7. Сунуштар.**

1. Диссертациялык иштин биринчи главасында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн шыктандыруучулук, когнитивдик, рефлексивдик, креативдик, интеллектуалдык-эмоционалдык жана эрктик компоненттеринин мазмунуна илимий-теориялык талдоо жүргүзүүгө, өзгөчөлүктөрүн ачыктоого аракеттерди көрүү.
2. Мүмкүн болушунча 11.2. бөлүкчөсүнүн материалдарын иштин 111 главсында берүүнү карап көрүү.
3. Изилдөөнүн предметинин редакциясын кайрадан тактап карап чыгуу (**...предметинде** студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн.......??).

**8. Сунуштамалар.**

1. Диссертациянын 2.2. бөлүмчөсүндө изилдөө иштеринде колдонулган **"моделдештирүү"** жана **"тестирлөө"** методдорунун колдонулуш максатына жана мазмундук ачыктамасына көңүл буруу.
2. Диссертациянын кол жазмасында жана авторефератта орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдөрдү кайрадан карап чыгуу жана сүйлөмдөрдү жөнөкөй, түшүнүктүү илимий тилде берүү сунушталат. Кол жазманын сүйлөмдөрүнүн мазмунун, мүмкүн болушунча,

илимий тилде жана түшүнүктүү жөнөкөй түзүлүштө (стилде) берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.

3. Илимий изилдөөлөрдөн алынган тыянактардын, натыйжалардын жана жаңылыктардын илимий-мазмундук редакциясына көңүл буруу жана аларды илимий жаңылык катарында так жана мазмундуу берүү сунушталат.

4. Диссертациянын жана авторефераттын кол жазмаларында тема боюнча илимий изилдөөлөрдүн этаптарын жана алардын кыскача мазмунун берүү.

**9. Корутунду.**

Диссертациялык иш, негизинен, педагогика илиминин учурдагы актуалдуу жана көйгөйлүү суроолорунан болгон жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу искусство жана дизайн факультеттеринин студенттеринин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын жана теориялык моделин түзүүгө байланыштуу илимий-теориялык, педагогика-психологиялык аспектилерди, маселелерди изилдөөгө жана аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперименталдык жол менен текшерүүгө, чыгармачылык активдүүлүктү калыптандырууга таасир берүүчү практикалык кеңештерди иштеп чыгууга багытталып аткарылган.

Эксперттик корутундунун 6-пунктында белгиленген кемчиликтер, кол жазмада жана авторефератта орун алып калган айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына өтө чоң терс таасирин тийгизбейт. Алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын, жоболордун жана практикалык сунуштардын илимий-методикалык, илимий-теориялык маанилүүлүгү бар.

Диссертациялык иштин илимий негиздүүлүгү жана баалуулугу жалпысынан ортодон жогору бааланат. Изденүүчү **Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”** - деген темадагы диссертациясынын кол жазмасынын жазылышын, талаптарга ылайык даярдалышын, илимий материалдарынын берилишин Кыргыз Республикасынын **“Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун” 10 п. талаптарына жооп берет** деп эсептесе болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты)

илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д. 13.23.662 диссертациялык кеңешине,** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча берилген **Амираева Лайликан Авазовнанын "Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары"** - деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын илимий жактан талдап чыгып, диссертациялык иштеги орун алып калган айрым кемчиликтерди, мүчүлүштүктөрдү белгилөө менен, илимий эмгекти **алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылат.**

**Эксперт Джанузаков К.Ч.** ____________________

КЕҢСЕ

Эксперт К.Ч.Джанузаковдун колун - **"ТАСТЫКТАЙМ"**

**КТ "Манас" университетинин**
**кадрлар бөлүмү** ________________

Максатбекова С.

09. 01. 2025-ж.

Эксперт К.Ч. Джанузаковдун кол тамгасын тастыктайм. Дискеңештин окум. катчысы, Абдыкапарова А.А.